**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Жарандар Р. Абдыкасымов, А. А. Галиевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 9-июлундагы № 39-о аныктамасына даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө

## ТОКТОМУ

2015-жылдын 5-ноябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья М. Ш. Касымалиев, судьялар К. Абдиев, Ч. А. Айдарбекова, М. Р. Бобукеева, К. М. Киргизбаев, Э. Т. Мамыров, Э. Ж. Осконбаев, Ч. О. Осмонова, Ж. И. Саалаевдын курамында, соттук отурумдун катчысы М. Э. Толобалдиевдин катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, соттук отурумда Р. Абдыкасымов, А. А. Галиевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 9-июлундагы № 39-о «Жарандар Ракымберген Абдыкасымов жана Айдарбек Авазович Галиевдин

кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасына даттануусун карап чыкты.

Даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана жарандар Р. Абдыкасымов жана А. А. Галиевдин өтүнүчү боюнча иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТАПТЫ:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2015-жылдын 4-июнунда жарандар Р. Абдыкасымов жана А. А. Галиевдин «Негизги карыздар, кошуп эсептелген пайыздар, туумдар, финансылык, айыптык жана салыктык санкциялар боюнча электр энергиясын керектөөчүлөрдүн, электр бөлүштүрүүчү компаниялардын, электр энергиясын негизги берүүчүлөрдүн өндүрүлгүс карыздарын эсептен чыгаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана «Электр энергиясын керектөөчүлөрдүн, электр бөлүштүрүүчү компаниялардын, электр энергиясын негизги берүүчүлөрдүн негизги карыздар, кошулган проценттер, үстөктөр, финансылык,айыптык жана салыктык санкциялар боюнча кайтарылгыс карыздарын эсептен чыгаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 25-декабры N 807 токтомун конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, 12-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 20-беренесинин 2-бөлүгүнө, 88-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пунктуна, 101-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арызденуучулар менчик укугу адам үчүн юридикалык камсыз кылынган мүлк менен мыйзам чыгаруучу менен бекитилген чекте өз кароосуна жараша ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө мүмкүнчүлүгүн билдирет деп эсептешет. Ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укугу өзүнө

мыйзам чыгаруучу менен каралган максаттарды ишке ашырууга кызмат кылган иш аракеттерди гана кылуу мүмкүнчүлүгүн камтыйт. Арыздануучулардын оюу боюнча мындай максаттар болуп чарбалык иштердин жыйынтыгы боюнча пайда көрүү жана дивиденттерди төлөөгө багытталган «Востокэлектро» ачык акционердик коомунун (мындан ары – Коом) уставдык максаттары эсептелинет.

Ушуга байланыштуу, арыздануучулар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аткаруу бийлигинин жогорку органы катары акционердик коомдун ишине кийлигишүүгө, дебитордук карыздарды эсептен чыгаруу маселелерин чечүү менен акционерлерди Коомдун ишинен түшкөн дивиденттерди алуу укугунан ажыратууга укугу жок эле деп белгилешет.

Арыздануучулар Коомдун мүлкүнө ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укугу коомду башкаруу жогорку органына – акционерлердин жалпы чогулушуна берилген, ал эми талашылып жаткан токтомду кабыл алуу жана ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1-бөлүгүнө, 88-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пунктуна карама-каршы келет деп белгилешет.

Жарандар Р. Абдыкасымов, А. А. Галиев талашылып жаткан токтомду ишке ашыруу кайтарылгыс карыздарды эсептен чыгаруунун Методикасынын буйруусун бузуу менен өткөрүлгөн, башкача айтканда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бухгалтердик эсептин максаттарын жана принциптерин аткарган жок; кайтарылгыс карыздарды эсептен чыгаруудагы доонун эскиришинин мөөнөтү тууралуу бөлүгүндө жарандык мыйзамдардын ченемдерин сактоону камсыз кылган жок. Алардын айтышы боюнча кредитор-уюм карыздын кайтарылгыстыгын дадилдеши керек, ал эми ал үчүн карыздын инвентаризациясын өткөрүшү, эсептен чыгарууга жаткан карыздарды табышы керек, ошондой эле көз карандысыз аудитордун анык корутундусунун болушу зарыл.

Арыздануучулар Кыргыз Республикасынын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз

Республикасынын Мыйзамынын 4, 6-беренелерине ылайык Өкмөт мыйзам менен бекитилген тартипте талашылып жаткан Мыйзам кабыл алынып жана күчүнө киргиче талашылып жаткан токтомду чыгарууга укугу жок эле. Ошондуктан, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесине ылайык Мыйзамдын өзүн ишке киргизгенге чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомун чыгаруу жана ишке ашыруу конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет.

2011-жылдын 8-апрелинде Коомдун акционерлеринин жалпы жылдык чогулушу болуп өттү, анын жыйынтыктары боюнча Коомдун директорлор Кеңешинин ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда алып салуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Арызданууучулардын оюу боюнча бул чогулушта мыйзамдардын талаптарын одоно бузуулары болгон, бул А. Галиев, Р. Абдыкасымов жана Б. Борбашеванын доо арыз менен сотко кайрылуусу үчүн негиз болгон.

Ысык-Көл областтык райондор аралык сотунун 2014-жылдын 18-июнундагы чечими менен аталган жарандардын Коомдун акционерлеринин жалпы чогулушунда кабыл алынган бардык чечимдер мыйзамга ылайыксыз жана жараксыз деп таануу жөнүндө арызы канааттандырылган. Ысык-Көл областтык сотунун 2014-жылдын 20-августундагы аныктамасы менен биринчи инстанциядагы соттун чечими өзгөртүүсүз, «Востокэлектро» ачык акционердик коомунун Башкы директорунун апелляциялык даттануусу канааттандыруусуз калтырылган. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2015-жылдын 21-январындагы токтому менен биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттордун чечимдери жокко чыгарылган; аталган жарандардын 2011-жылдын 8-апрелиндеги «Востокэлектро» ачык акционердик коомунун акционерлеринин жалпы чогулушунда кабыл алынган бардык чечимдер мыйзамга ылайыксыз жана жараксыз деп таануу жөнүндө арызы канааттандыруусуз калтырылган.

Ушуга байланыштуу, арыздануучулар Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегиясы көзөмөл иретиндеги даттанууну кароодо соттун Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келген ченемдик укуктук актыны колдонууга укугу жок деп бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 101-беренесинин 1-бөлүгүнүн талабын бузган деп эсептешет.

Жогоруда аталгандардын негизинде арызданууучулар алардын өтүнүчүн канааттандырууну жана талашылып жаткан ченемдик укуктук актыларды конституциялуу эмес деп таанууну суранышат.

Судьялар коллегиясы, жарандар Р. Абдыкасымов, А. А. Галиевдин кайрылуусун жана ага тиркелген иштин материалдарын изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 2-бөлүгүнүн негизинде өтүнүчтүн текшерүүсүн жүргүзгөн судья Э. Т. Мамыровдун маалыматын угуп, төмөнкү жыйынтыктарга келди.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 1-бөлүгүнө ылайык судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу маселесин чечүүдө, биринчиден кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө таандыгы жана өтүнүчтүн аталган конституциялык Мыйзам менен кайрылууларга коюлган талаптарга ылайык келүүсү менен жетектенет.

Келтирилген материалдан келип чыккандай, арызданууучулардын жүйөлөрү «Негизги карыздар, кошуп эсептелген пайыздар, туумдар, финансылык, айыптык жана салыктык санкциялар боюнча электр энергиясын керектөөчүлөрдүн, электр бөлүштүрүүчү компаниялардын, электр энергиясын негизги берүүчүлөрдүн өндүрүлгүс карыздарын эсептен чыгаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу үчүн кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн талашылып жаткан токтому «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз

Республикасынын Мыйзамы менен каралган талаптарды аткарбастан жактырылган, «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» мыйзамдын, Жарандык кодекстин, «Акционердик коомдор жөнүндө» мыйзамдын бир ирет беренелерине карама-каршы келет дегенге келип такалат. Алардын оюу боюнча мыйзамдар менен бекитилген талаптарды бузуу алардын менчик укугун бузууга алып келди.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүнө, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотутун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүнө, 18-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотутун Конституциялык палатасы конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда, аларды конституцияга ылайык эмес деп табуу жөнүндө иштерди карайт.

Арызданууучулар менен келтирилген талашылып жаткан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келүүсү жөнүндө жүйөлөр кыйыр, ал коомдук органдар жана кызмат адамдардын ченем жаратуу ишинде мыйзамдуулукту камсыз кылуу каражаты болгон соттук ченем көзөмөлдүн алкагында чечилет. Жарандык процесстик кодекске ылайык жалпы юрисдикциядагы соттор менен ишке ашырылган соттук ченем көзөмөлдүн алкагында ченемдик укуктук актынын мыйзамга же Конституциядан башка чоңураак юридикалык күчкө ээ ченемдик укуктук актыга ылайык келүүсүн текшерүү жүргүзүлөт.

Ошондой эле, арызданууучулар, «Негизги карыздар, кошуп эсептелген пайыздар, туумдар, финансылык, айыптык жана салыктык санкциялар боюнча электр энергиясын керектөөчүлөрдүн, электр бөлүштүрүүчү компаниялардын, электр энергиясын негизги берүүчүлөрдүн өндүрүлгүс карыздарын эсептен чыгаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын конституциялуу эмес деп таанууну суранышты. Ошону менен

бирге, өтүнүчтө бул маселе боюнча алардын көз карашы жана Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме келтирүү менен укуктук негиздеме келтирилген эмес, бул «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотутун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктунун талаптарына жооп бербейт.

Ошентип, судьялар коллегиясы жарандар Р. Абдыкасымов жана А. А. Галиевдин кайрылуусу таризи жана мазмуну боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотутун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24, 25-беренелеринин талаптарына жооп бербейт, кайрылууда көрсөтүлгөн талаптар Кыргыз Республикасынын Жогорку сотутун Конституциялык палатасына караштуу эмес жана аны конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароого негиз жок деген жыйынтыкка келген, ушуга байланыштуу бул өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алган.

Жарандар Р. Абдыкасымов жана А. А. Галиев судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 9-июлундагы № 39-о аныктамасы менен макул болбостон, 2015-жылдын 29-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Өзүнүн даттануусунда арызданууучулар судьялар коллегиясынын аныктамасы негизсиз, процесстик укук ченемдерин бузуу менен кабыл алынган жана жокко чыгарылууга тийиш деп белгилешет. Арызданууучулар өтүнүчтө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын беренелерине карама-каршы келген конкреттүү ченемдик укуктук актылар көрсөтүлгөн; Кыргыз Республикасынын Өкмөтү талашылып жаткан токтому менен ошол кезде жаратылышта жок, басма сөздө жарыяланбаган Мыйзам ишке ашырылган, ал эми токтомдун өзү бүгүнкү күнгө чейин басма сөздө жарыяланган эмес, башкача айтканда күчүнө кирген жок; мыйзам өйдө турат жана бул Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Мыйзам кабыл алынып жана күчүнө кире электе токтомду кабыл алуунун мыйзамсыздыгы жөнүндө айтып турат; «Востокэлектро» ачык акционердик коому – бул менчиктин жеке

формасындагы коом, анда менчик укугунун укугу жана эрки мыйзамга таянат жана мүлккө караштуу бардык башка адамдардын бийлигине көз карандысыз болот, ал эми жеке менчик жарандар жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарын гана тейлөөгө чакырылган деп белгилешет. Аталган акционердик коомдун мүлкүнө ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укугу анын жогорку башкаруу органына – акционерлердин жалпы чогулушуна гана берилген, ал эми Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аткаруу бийлигинин жогорку органы катары акционердик коомдун ишине кийлигишүүгө, дебитордук карыздарды эсептен чыгаруу маселелерин чечүү менен акционерлерди Коомдун ишинен түшкөн дивиденттерди алуу укугунан ажыратууга укугу жок эле.

Арыздануучулар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү талашылып жаткан токтомду кабыл алууда негизги карыздар боюнча кайтарылгыс карыздарды эсептен чыгаруунун Методикасынын талаптарын, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө», «Акционердик коомдор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын бир нече ченемдеринин талаптарын аткарган эмес.

Судьялар коллегиясынын алардын кайрылуусу таризи жана мазмуну боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотутун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24, 25-беренелеринин талаптарына жооп бербейт деген жыйынтыктарын арыздануучулар негизсиз деп эсептейт, анткени алардын кайрылуусу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6, 7-бөлүгүнүн, аталган конституциялык мыйзамдын 40-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 21-беренесине ылайык тапшырылган.

Судьялар коллегиясынын кайрылууда көрсөтүлгөн талаптардын караштуу эместиги жөнүндө жыйынтыктарын арыздануучулар ишендирердик эмес, негизсиз жана далилсиз деп эсептешет.

Ушулардын негизинде жарандар Р. Абдыкасымов, А. А. Галиев судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 9-июлундагы № 39-о аныктамасын жокко чыгарууну жана алардын өтүнүчүн маңызы боюнча кароого өндүрүшкө кабыл алууну суранышат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучулардын жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, төмөнкү жыйынтыктарга келди.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу процедурасын жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарынын талаптарын сактоо тиешелүү министерство жана ведомстволордун укуктук экспертизаларын өткөрүү аркылуу камсыз кылынышы керек, ал жерде Юстиция министирлигинин корутундусу чечүүчү ролду ойнойт. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарым укуктарына Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн актыларынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келүүсүн текшерүү кирбейт, бул судьялар коллегиясынын аныктамасында белгиленген.

Мамлекеттик бийликтин органдарынын, алардын кызмат адамдарынын ченем чыгаруу ишинде аракеттеринин жана чечимдеринин мыйзамдуулугу, ченемдик укуктук актынын мыйзамга же Конституциядан башка чоңураак юридикалык күчкө ээ ченемдик укуктук актыга ылайык келүүсүн текшерүүдө Жарандык процесстик кодекске ылайык жалпы юрисдикциядагы соттор менен ишке ашырылган соттук ченем көзөмөлүнүн алкагында аныкталып жана чечилиши керек.

Ушуну менен катар, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотутун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык кайрылууда кайрылуучунун коюлган маселе боюнча көз карашы жана аны Конституциянын ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемеси көрсөтүлүшү керек.

Бирок кайрылуу субъекти менен «Негизги карыздар, кошуп эсептелген пайыздар, туумдар, финансылык, айыптык жана салыктык санкциялар боюнча электр энергиясын керектөөчүлөрдүн, электр бөлүштүрүүчү компаниялардын, электр энергиясын негизги берүүчүлөрдүн өндүрүлгүс карыздарын эсептен чыгаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына карата аталган конституциялык мыйзамдын талабы аткарылган эмес.

Ушуга байланыштуу судьялар коллегиясынын жыйынтыктары негиздүү болуп эсептелинет.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 9-июлундагы № 39-о «Жарандар Ракымберген Абдыкасымов жана Айдарбек Авазович Галиевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасын жокко чыгарууга негиз тапкан жок.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Жарандар Р. Абдыкасымов, А. А. Галиевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 9-июлундагы № 39-о «Жарандар Ракымберген Абдыкасымов жана Айдарбек Авазович Галиевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасына даттануусу канаттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**